**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун жана Ниязбек Улукбекович Кочкоровдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2024-жылдын 24-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, Ж.А. Шаршеналиев, катчы А.Т. Таалайбековдун катышуусунда М.М. Жорокуловдун жана Н.У. Кочкоровдун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

2024-жылдын 23-июлунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна М.М. Жорокуловдун жана Н.У. Кочкоровдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 282-беренесинин 1-бөлүгүнүн санкциясында «мүлкүн конфискациялоо менен беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат» деген ченеминин «мүлкүн конфискациялоо менен» деген бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 15-беренесинин 1, 2-пункттарына, 61-беренесинин 1-пунктуна карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арыз ээлеринин пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 282-беренесинин 1-бөлүгү менен Алия Николаевна Ярмуратийге карата кылмыш иш козголуп, санкциясында мүлкүн конфискациялоо менен деп көрсөтүлгөндүктөн тергөө кызматы тарабынан

А.Н Ярмуратийдин биргелешкен менчигиндеги Ош шаарынын Анар кичи районундагы 19-үйдүн 65-батирине (мындан ары – 65-батир) камак салынган.

Кайрылуучулардын пикири боюнча, айыпталуучунун мүлкүн конфискациялоо максатында камак салуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 69-беренесине ылайык: 1. Мүлктү конфискациялоо айыптоо өкүмүнүн негизинде төмөнкүдөй мүлктөрдү мамлекеттин менчигине айландыруу менен акысыз алып коюу болуп саналат: 1) кылмыш жасоонун натыйжасында алынган акчаларды, баалуулуктарды жана башка мүлктү; 2) кылмыш жасоону каржылоого пайдаланылган же багытталган акчаларды, баалуулуктарды жана башка мүлктү; 3) кылмыш жасоонун натыйжасында алынган акчаларды, баалуулуктарды жана башка мүлктү жана (же) жарым-жартылай же толугу менен айландырылган же болбосо кайра өзгөртүлгөн бул мүлктөн түшкөн кирешелерди; 4) кылмыш жасоонун куралдарын, жабдууларын же башка каражаттарын. Ал эми А.Н. Ярмуратийдин биргелешкен менчигиндеги 65-батир Ош шаарынын мэриясы тарабынан Ош шаарындагы балдар үйүнүн бүтүрүүчүлөрүнө аларды социалдык жактан колдоо, туруктуу жашоо орду менен камсыз кылуу максатында берилген. Ал батирдин укукту ырастоочу документинде батир айыпталуучунун агасы Ярмуратий Оскарга катталган.

Андыктан, А.Н. Ярмуратий биргелешкен менчигиндеги 65-батир кылмыш жасоонун натыйжасында алынган мүлк эмес, же кылмыш жасоону каржылоого пайдаланылган же багытталган мүлк эмес, кылмыш жасоонун натыйжасында алынган мүлктү жарым-жартылай же толугу менен айландырылган же болбосо кайра өзгөртүлгөн бул мүлктөн түшкөн кирешелерден алынган мүлк эмес, же кылмыш жасоонун куралы, жабдуулары же башка каражаттары болуп эсептелбейт.

Аталган жагдайларды негиздеп, айыпталуучу А.Н. Ярмуратийдин адвокаты Н.У. Кочкоров 65-батирге салынган камакты алып салуу боюнча

Ош шаардык сотуна кайрылган. Ош шаардык сотунун 2024-жылдын 11-мартындагы токтому менен А.Н. Ярмуратийдин биргелешкен менчигиндеги 65-батирди камактан чыгаруу жөнүндөгү өтүнүчү канааттандыруусуз калтырылган.

Ош шаардык сотунун өкүмү менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 282-беренесинин 1-бөлүгүнүн негизинде А.Н. Ярмуратий күнөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 7 жылга эркиндигинен ажыратылган, ага Кылмыш-жаза кодексинин 82-беренесинин негизинде 4 жыл пробациялык көзөмөл дайындалган.

А.Н. Ярмуратий Ош шаардык сотунун өкүмү менен макул болбостон, Ош облустук сотуна апелляциялык тартипте даттанган. 2024-жылдын 3-июнунда Ош облустук соту А.Н. Ярмуратийдин мүлкүн конфискациялоо жөнүндө Ош шаардык сотунун токтомун өзгөртүүсүз калтырган.

Арыз ээлери Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 282-беренесинин 1-бөлүгүнүн санкциясындагы «мүлкүн конфискациялоо менен» деген ченемди судья жаза белгилөөдө өкүмдө көрсөтүүгө милдеттүү болуп, жогоруда аталган кодекстин 69-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык - мүлк конфискациялоого жатабы же жатпайбы - аны териштирүүгө мүмкүндүк бербегендигин белгилешет.

Ошондой эле арыз ээлеринин пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 282-беренесинин 1-бөлүгүнүн санкциясындагы «мүлкүн конфискациялоо менен» деген ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 15-беренесиндеги «Кыргыз Республикасында менчиктин жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка түрлөрү бирдей деңгээлде таанылат жана корголот. Менчик кол тийгис. Эч ким өзүм билемдик менен мүлкүнөн ажыратылбайт. Мурастоо укугу кепилденет. Менчик ээсинин эркинен тышкары мүлктү алып коюуга мыйзамда белгиленген тартипте соттун чечими менен гана жол берилет» деген ченемге карама-каршы келет. Анткени, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 69-беренесине ылайык, кылмышка байланыштуу

гана мүлктөрдү конфискациялоо каралганына карабастан, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 282-беренесинин 1-бөлүгү менен жаза белгилөөдө териштирбестен бардык мүлкү конфискацияланып жатат. Мындай жагдайда, мамлекетибизде мүлк корголуп жатат жана Конституциядагы мүлк кол тийгис деген жобо иштеп жатат деп айта албайбыз.

Кайрылуучулардын пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинде белгиленген ар бир адамдын соттук коргонууга болгон укугу Конституцияда кепилденет деген ченем жүзөгө ашпайт деп белгилейт.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен, кайрылуу субъектиси талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугун текшерүүнү суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья М.Р. Бобукееванын маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүндө жана “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамында конституциялык контролдоо органына жүктөлгөн ыйгарым укуктардын толук тизмеси көрсөтүлгөн.

Судьялар коллегиясы келип түшкөн даттанууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө даттанууда коюлган маселенин конституциялык сот өндүрүшүнө караштуулугун жана анын жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 26-27-беренелеринде белгиленген талаптарга ылайык келишине баа берет.

Ошентип, арыз ээлери кайрылууда мыйзамга же анын айрым ченемдерине өздөрүнүн талаптарын негиздөөчү жагдайлардын сыпаттамасын камтылууга, ошондой эле алардын конституциялуулугунун контекстинде бул ченемдерди түшүнүүдө жана колдонууда түшүнүксүздүктү

же так эместикти ырастаган жүйөлөрдү келтирүүгө тийиш. Башкача айтканда, арызданууучулар талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуучу таасири адамдын жана жарандын Конституцияда кепилденген укуктары менен эркиндиктерин бузууларды ачык көрсөткөн ынанымдуу укуктук жүйөлөр менен өз позициясын далилдөөгө, ошондой эле фактыларды келтируу менен бул укуктардын бузулушуна алып келген жагдайларды көрсөтүүгө милдеттүү.

Бирок, берилген кайрылууда жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын талаптары сакталган эмес.

Ошону менен бирге, судьялар коллегиясы кылмыш жасаган адамдарга карата колдонулуучу жазалардын жана жазык-укуктук мүнөздөгү башка чаралардын түрлөрүн аныктоо жазык мыйзамдарынын милдеттеринин бири болуп санала тургандыгын белгилей кетүү зарыл деп эсептейт. (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 1-беренеси).

Кылмыш-жаза кодексинин 69-беренесине ылайык, мүлктү конфискациялоо айыптоо өкүмүнүн негизинде кийин мамлекеттин менчигине айландыруу менен акысыз алып коюу болуп саналат. Белгилей кетсек, мүлктү конфискациялоо мыйзамда түздөн-түз көрсөтүлгөн күнөөлүү адамдын мүлкүнө, башкача айтканда, тигил же бул жол менен кылмыш жасоо менен байланышкан же белгилүү бир максаттуу арналыштагы мүлккө жайылтылат.

Мындан тышкары, менчиктин кол тийбестигинин конституциялык кепилдиктерин жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин соттук коргоону аткаруу үчүн жарандык жана жарандык-процесстик мыйзамдарда менчик укуктарын жана башка мүлктүк укуктарын коргоо боюнча жоболор каралат, ошондой эле ар кандай кызыкдар жак өзүнүн бузулган же талашылып жаткан укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам тарабынан корголуучу кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылууга укуктуу экендигин белгилейт. Сотко кайрылуу укугунан баш тартуу жараксыз болот. Мында менчик ээси өзүнүн менчик укугун таанууну, ошондой эле ээлик

кылуудан ажыратуу менен байланышпаган анын укуктарынын башка бузууларды четтетүүнү талап кыла алат.

Ошентип, судьялар коллегиясы арызданууччулардын кайрылууда келтирилген жүйөлөрү талашылып жаткан ченемдин Конституцияга ылайыктуулугу маселесинде белгисиздиктин бар экендигин күбөлөндүрбөйт деп белгилейт. Талашылып жаткан ченем менен Конституциянын жоболорунун ортосундагы системалуу байланыш укук колдонуу практикасындагы мүмкүн болуучу бузуулар менен байланышкан аргументтер менен гана бекемделген. Мындай жагдайларда жазанын кошумча түрлөрүн колдонуунун тууралыгы, атап айтканда мүлктү (анын көлөмдөрүн жана түрлөрүн) конфискациялоо, аны колдонуунун максатка ылайыктуулугу жана укук ченемдүүлүгү маселеси жалпы юрисдикциядагы соттор тарабынан, анын ичинде мындай чечимдерге жогору турган сотторго даттануу тартибинде чечилет.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. М.М. Жорокулов жана Н.У. Кочкоровдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 282-беренесинин 1-бөлүгүнүн санкциясында «мүлкүн конфискациялоо менен беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат» деген ченемдин «мүлкүн конфискациялоо менен» деген бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 15-беренесинин 1, 2-пункттарына, 61-беренесинин 1-пунктуна карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Келтирилген материалдар өтүнүч ээлерине кайтарылып берилсин.

3. Аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: М.Р. Бобукеева

М.Ш. Касымалиев

Ж.А. Шаршеналиев